КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

## Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын
**XVIII чакырылышындагы кезектеги IV сессиясы**

## ТОКТОМ

**05 ноябрь 2021ж №25** **Григорьевка а.**

## Садыр аке айыл аймагындагы №4 Бала-бакчанын эшик-терезелерин жана ясли группасынын чатырын алмаштыруу үчүн өздүк салымды бекитүү жөнүндө

Садыр аке айыл аймагындагы №4 Бала-бакчанын эшик-терезелерин жана ясли группасынын чатырын алмаштыруу үчүн дем берүү гранттка 138 301 (жүз отуз сегиз миң үч жүз бир) сом акча каражаты талап кылынып жаткандыгын эске алып, айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы Н. Сыдыкованын маалыматын жана “Бюджет, финансы, экономика инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы А. Ауэльбаеванын кошумча маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айыл аймагынын айылдык кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

**1**.Жергиликтүү бюджетинин эсебинен №4 Бала-бакчанын эшик-терезелерин жана ясли группасынын чатырын алмаштыруу боюнча долбоору ишке ашкан учурда өздүк салым катары мектеп бөлүмүнөн 31112390 “Башка имараттарды капиталдык оңдоо” беренесинен 138 301(жүз отуз сегиз миң үч жүз бир) сом акча каражаты 2022-жылдын бюджетинин биринчи кварталына коюлсун.

**2.** Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл Өкмөтүнүн башчысы А.Б.Орозалиевге жана ФЭБнүн башчысы Н.У.Сыдыковага милдеттендирилсин.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча” боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

Жиберилди: иш кагаздарына-1, каржы бөлүмү-1, Обл.юст-1.

**Жергиликтүү депутуттардын XXVIII чакырылышынын Садыр аке айылдык Кеңешинин кезектеги IV сессиясынын**

**ЧЕЧИМИ**

**“___” ________2021-ж.**

1- маселе №4 Бала-бакчанын эшик-терезелерин жана ясли группасынын чатырын алмаштыруу жөнүндө

Сессиянын төрагасы:Чичканбаев Б.
Катчысы: Айдыгулова Н.
Катышты:_____адам
Угулду:

- **Шадыканов Т.** – айылдык кеңештин депутаты – бул абдан туура көтөрүлгөн маселе. Бул ишти 2022-жылдын Мамлекеттик дем берүүчү гранттан жалпы сметалык баасынын 80% сурап, жергиликтүү бюджеттен 20% киргизип аткарууга алынышы керек.
- **Орозакунов А.** – айылдык кеңештин депутаты – Биздин бала-бакчанын эшик терезелери жана ясли группасынын чатыры 1957-жылдан бери жаңыртыла элек. Терезелердин сапаты кетип, группалардын ичине чаң, кышкысын суук кирип акча каражаттынын баары жылытууга кетип жатат. Жана ясли группасынын чатыры авариялык абалда турат, аны тез аранын ичинде алмаштыруу зарыл.

Бул маселе боюнча депутаттар талкууга алгандан кийин, айылдык кеңештин сессиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ кылат:**

№4 Бала-бакчанын эшик-терезелерин жана ясли группасынын чатырын жаңыртуу үчүн 2022-жылдын бюджетинен жалпы сметалык баасынын 20% каралып, калган 80% мамлекеттик дем берүү грантына проект жазып, өткөрүү иштерин айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Чичканбаев Б.**

**Жооптуу катчы** **Айдыгулова Н.**